ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*28-ноябрь, 2023-жыл.*
*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 36 мүчөсүнөн 28 мүчөсү бар.
*Күн тартиби:*

1. 2022-2023-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары (Баяндамачы: МИТ факультетинин деканы, доцент Сопуев У.А.);
2. МИТ факультетинин жаңы бакалавриат, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландарын бекитүү (иш план, жумушчу топ, өздүк отчетторду баштоо, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б.);
3. Аспиранттардын отчеттору;
4. Ар түрдүү маселелер

УГУЛДУ: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 20 минутага чейин жана 2,3,4-маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

2022-2023-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары УГУЛДУ**:** факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуев тарабынан 2022-2023-окуу жылындагы окуу-усулдук, тарбиялык иштердин жыйынтыктары боюнча жалпы маалымат берилди (отчет тикелет).

Окумуштуулар Кеңеши бир добуштан колдошту.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин 2022-2023-окуу жылынын жылдык эсеп-кысабы боюнча баяндамачы доцент  У.А. Сопуевдин отчету канаатандыраарлык деп табылсын;
2. SWOT анализде белгиленген кемчиликтерди жоюу үстүндө иш план тузүп, аткарууга киришсин;
3. Ар бир кафедра жана тиешелүү структура өзүнүн профили боюнча иш аракеттерди аткаруу жана көзөмөлгө алуу колго алынсын;
4. Илим-изилдөө, окуу-усулдук, тарбиялык, маданий ж.б. иштери боюнча изилдөөчү университет 4.0 боюнча иш аракеттер күчөтүлсүн;
5. Студенттик тайпа жана кураторлордун тыгыз байланыш иш аракеттери сайттарга жайгаштырылсын;
6. Факультеттин жана тиешелүү структуралык бөлүмдөрдүн сайтын 3 тилде чыгарүү колго алынсын;
7. Скопус, ж.б. журналдарга макалаларды чыгаруу күчөтүлсүн;
8. Жогоруда айтылгандарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына жана структура жетекчилерине, ал эми жалпы көзөмөлдөө МИТ факультетинин деканы, доцент У.Сопуевге жүктөлсүн.

**2-маселе.**

МИТ факультетинин жаңы бакалавриат, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландарын бекитүү (иш план, жумушчу топ, өздүк отчетторду баштоо, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б.)

УГУЛДУ: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев: 2023-2024-окуу жылында МИТ факультетинде ИСМКА, ГД (бакалавриат) жана математика (Phd докторантура) билим берүү программалары программалык аккредитациядан өтөт. Программа жетекчилерине сөз беремин, программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландары боюнча билдирүү жасашат.

1. ИСМКА билим берүү программасынын жетекчиси улук окутуучу А.А. Акматов иш план, жумушчу топ, өздүк отчетторду баштоо, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б. иш чаралары боюнча билдирүү жасады.
2. ГД билим берүү программасынын жетекчиси доцент Б.А. Азимов иш план, жумушчу топ, өздүк отчетторду баштоо, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б. иш чаралары боюнча билдирүү жасады.
3. Математика (Phd докторантура) билим берүү программасынын жетекчиси профессор Д.А. Турсунов иш план, жумушчу топ, өздүк отчетторду баштоо, тиешелүү протоколдор, иш берүүчүлөр менен жолугушуу, ж.б. иш чаралары боюнча билдирүү жасады.

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, доцент У.А. Сопуев бакалавриат, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландарын бекитүүнү колго салуу сунушун киргизди.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ:**

МИТ факультетинин жаңы бакалавриат, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралардын пландары бекитилсин.

**3-маселе.**

**Аспиранттардын отчеттору**.

МИТ факультетинин 1-курсунун аспиранттары Замирбек кызы Н., Абдималик кызы Ж., 2-курсунун аспиранттары М. Бекиеванын, Э. Маматовдун, А. Садиеванын, М. Кедейбаеванын, 3-курсунун аспиранттары Б. Нурановдун, 4-курсунун аспиранттары Г. Шамшиеванын, Н. Адилбекованын, Р. Ойчиеванын, Бекмурза уулу Ыбадыллanын 2022-2023-окуу жылы үчүн илимий отчетторун кароо.

*У. А. Сопуев (факультеттин деканы, доцент):* бул маселелер тиешелүү кафедралардын кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Бардык тиешелүү документтер отчетторунда тиркелген. Аспираттар илимий-изилдөө иштери боюнча ар бири өзүнчө кыска баяндамаларды жасашкан.

Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ:**

1. МИТ факультетинин 1-курсунун аспиранттары Замирбек кызы Н., Абдималик кызы Ж., 2-курсунун аспиранттары М. Бекиеванын, Э. Маматовдун, А. Садиеванын, М. Кедейбаеванын, 3-курсунун аспиранттары Б. Нурановдун, З. Мурзакматованын, Абдинаби уулу Эркиндин, А. Шооруковдун, 4-курсунун аспиранттары Г. Шамшиеванын, Н. Адилбекованын, Р. Ойчиеванын, Бекмурза уулу Ыбадылланын 2022-2023-окуу жылы үчүн илимий отчеттору канааттандырарлык деп табылсын;
2. Замирбек кызы Н., Абдималик кызы Ж., М. Бекиева, Э. Маматов, А. Садиева, М. Кедейбаева, Б. Нуранов, З. Мурзакматова, Г. Шамшиева, Н. Адилбекова, Р. Ойчиева, Бекмурза уулу Ыбадыллалар аттестациядан өттү деп эсептелинсин.

**4. Ар түрдүү маселелер:**

а) ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана авторлоштор И.Б. Кошмурзаев, К.А. Урайымов, А.З. Пирматовдор тарабынан иштелип чыккан “Информатика боюнча олимпиадалык маселелер чечимдери” аттуу китебин басмага сунуштоо.

Угулду:

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент*): ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана авторлоштор И.Б. Кошмурзаев, К.А. Урайымов, А.З. Пирматовдор тарабынан даярдалган бул китепте мектеп окуучулары үчүн информатика предмети боюнча республикалык олимпиаданын экинчи, үчүнчү жана төртүнчү этаптарындагы маселелер жана алардын c++, python программалоо тилдериндеги чечимдери менен кошо берилген.

Китептеги маселелер орто жана жогорку татаалдыктардагы маселер болгондуктан, олимпиадага катышам деген мектеп окуучуларына, орто жана жогорку окуу жайлардын студенттерине арналган.

Ушул китепти басмадан чыгарууга ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоону колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Сунуш: *Борбоева Г.М. (А жана Г кафедрасынын башчысы, доцент):* Китептин аталышын оңдоп койгон жакшы. “Чечимдери” деген сөздү “Чыгарылыштары” дап атаган жакшы.

ОК мүчөлөрү аталышын оңдоону жана басмадан чыгарууга сунуштоону бир добуштан колдошту.

ТОКТОМ:

1. ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана авторлоштор И.Б. Кошмурзаев, К.А. Урайымов, А.З. Пирматовдор тарабынан иштелип чыккан “Информатика боюнча олимпиадалык маселелер чечимдери” китебин басмадан чыгарууга сунушталсын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

б) И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин п.и.д., профессору К.М Торогельдиева жана Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын улук окутуучусу МИОТжанаББМ кафедрасынын изденүүчүсү А. Т. Ажибекова тарабынан даярдалган «Жумушчу дептер» (9-класстын алгебрасы боюнча) басмага сунуштоо жөнүндө.

УГУЛДУ:

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент*): «Жумушчу дептер» (9-класстын алгебрасы боюнча) деп аталган колдонмо жогорудагы аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын жана факультеттин метод кеңешинин чечими бар. Анда жумушчу дептерди тааныштыруу үчүн авторлорго сөз берейин.

Ажибекова А. Т. (Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын улук окутуучусу): Бул жумушчу дептерге окуу китебинин бардык пункттарына карата түзүлгөн, “Дагы көбүрөөк билгиси келгендер үчүн” деген рубрикада кошумча пункуттардан башка, 30 жумуш кирет. Ар бир жумуш I жана II санариптери менен белгиленген эки бөлүмчөдөн турат. Биринчи бөлүмчөдө кийирилген түшүнүктөрдү жана алгоритмдерди өздөштүрүүгө, фундаменталдык ык-машыгуулардын калыптанышына, жаңы материалды мурда окуп үйрөнүлгөн материал менен байланыштарын орнотууга өбөлгө болуучу анчалык татаал эмес маселелер кармалып турат. Экинчи бөлүмдө бир топ татаал маселелер топтолуп алардын көчүлүгүн чечүү калыптанган билимдерге жана ык-машыгууларга эркин ээ болууну интеллектуалдык ийкемдикти жана кыймылдуулукту көрсөтө билүүнү талап кылган. Жумушчу дептер окуучулардын класста жана үйдө иштешин уюштуруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ошондуктан басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент): Анда «Жумушчу дептер» (9-класстын алгебрасы боюнча) деп аталган колдонмону басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

ТОКТОМ

1. И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин п.и.д., профессору К.М Торогельдиева жана Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын улук окутуучусу А. Т. Ажибекова тарабынан даярдалган «Жумушчу дептер» (9-класстын алгебрасы боюнча) басмага сунушталсын.

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

в) КИИК кафедрасынын доценти Эркебаев Улукбек Зайирбековичти “Математика” адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунуштоо.

УГУЛДУ:

Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент): Эркебаев Улукбек Зайирбекович 10.01.2011-жылы математика жана информациялык технологиялар факультетинин Компьютердик борборуна инженер программист кызматына кабыл алынган. 2012-жылдан баштап информатика кафедрасында окутуучу, ага окутуучу катары иштей баштаган.

КМИГД кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д., профессор Дилмурат Турсуновдун жетекчилиги менен 2016-жылдын 30-июнда «Бисингулярдуу козголгон эллиптикалык теңдемелер үчүн Дирихленин маселесинин чыгарылышынын асимптотикасы» аталышындагы темада 01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, 2017-жылдын февралында физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алып 2017-жылдан тартып доценттин кызматта эмгектенип келе жатат. 2021- жылдан азыркы күнгө чейин КИ жана ИК кафедрасында кафедра башчы катары ийгиликтүү эмгектенип жатат.

Факультеттин деңгээлиндеги ар түрдүү коомдук иштерге активдүү катышууда. Кафедранын, факультеттин жана регионалдык илимий семинарларга такай катышат.

У. Эркебаевдин документтери талапка ылайыктуу болгондуктан, доценттик окумуштуулук наам алуу үчүн ОшМУнун Окмуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштайм.

ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР: Ободоева Г.С. (кафедранын доценти): У. З. Эркебаев менен 12 жылдан бери иштешип келе жатам. Анын сабактары илимий-усулдук деңгээли, студенттерге кызыктуулугу жана жеткиликтүүлүгү менен айырмаланат. Илимий-изилдөө ишин да ийгиликтүү жүргүзүп келүүдө. У. З. Эркебаевди доценттик окумуштуулук наам алууга сунуштоого кошулам.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты.

ТОКТОМ:

1. У.З. Эркебаев “Математика” адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

г) КМИГД кафедрасынын доценти Т.М. Жолдошовду “Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу” адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунуштоо.

УГУЛДУ:

Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент): МИТ факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары, техника илимдеринин кандидаты (2013-ж), ОшМУнун доценти Толкунбек Мамытович 2015-жылдан 2021-жылга чейин информатика кафедрасында доцент, 2021-жылдын сентябрь айынан баштап КМИГД кафедрасына доценттик кызматка которулган. Билим берүүдөгү жана коомдук иштердеги активдүүлүгү үчүн Т.М. Жолдошовду доценттик окумуштуулук наам алуу үчүн ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинине кароосуна сунуштайм.

Чыгып сүйлөгөндөр: Б.А. Азимов (кафедра башчысы, доценти): Т.М. Жолдошов иштеген жылдардан бери педагогикалык, илимий ишмердүүлүгүндө ар бир ишке жоопкерчиликтүү мамиле жасаган, өз кесибин мыкты билген адис экендиги баарыбызга белгилүү. Ал өзүнө бөлүнгөн окуу жүктөмдөрүн өз убагында так аткарып келет. 1 монография, 1 методикалык көрсөтмө 30 дан ашуун илимий эмгектин автору анын ичинде акыркы 5 жылда 10 илимий эмгек жарыкка чыккан. Т.М. Жолдошовду доцент окумуштуулук наам алууга сунуштоого кошулам.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты.

ТОКТОМ:

1. Т.М. Жолдошов "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

д) КМИГД кафедрасынын доценти А.З Пирматовду "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунуштоо.

УГУЛДУ:

Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент): Пирматов Абдыманап Зияйдинович МИТ факультетинин Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты (2004–ж), 1993-жылдан 2008-жылга чейин Ош мамлекеттик университетинде окутуучу, ага окутуучу, доцент жана кафедра башчысы кызмат орундарында иштеген. 2020-2021-ж. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин доценти, ал эми 2021 – жылдын сентябрь айынан кайрадан ОшМУнун Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти болуп иштеп келе жатат.

Билим берүүдөгү жана коомдук иштердеги активдүүлүгүн эске алып, А. З. Пирматовду "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына көрсөтүүнү сунуштайм.

*Чыгып сүйлөгөндөр Б.А. Азимов (кафедра башчысы, доценти):* А.З. Пирматов 2 методикалык колдонмо, 30 дан ашуун илимий эмгектин автору, анын ичинде акыркы 5 жылда 10 дон ашуун илимий эмгектери жарыкка чыккан. Көп жылдык педагогикалык иш-тажрыйбасында ар бир сабагына заманбап информациялык технологияларды колдонуп, чыгармачылык менен сабактарын өтүп келе жатат. Университтеттик деңгээлдеги иш-чараларга активдүү катышып жаткандыгын эске алып, бул сунушту колдоймун.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты.

ТОКТОМ:

1. А.З Пирматов "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

е) 2023-2024-окуу жылындагы 1-курсунун магистранттары үчүн магистрдик диссертациялардын темаларын жана алардын илимий жетекчилерин бекитүү.

**Угулду:** бул маселе боюнча МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы, окутуучу Бекмурза уулу Ыбадылла билдирүү жасады (билдирүү тиркелет).

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, доцент У.А. Сопуев билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2003-жылдын 17-декабрында №1069/1 – буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы

жөнүндөгү” Жобосуна ылайык 2023-24-окуу жылына Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин 1-курсунун магистранттары үчүн магистрдик диссертациялардын темалары жана алардын илимий жетекчилери бекитилсин.

ж) 2023-2024-окуу жылындагы бакалавриат деңгээлиндеги бүтүрүүчү курстардын квалификациялык иштеринин темаларын жана алардын илимий жетекчилерин бекитүү.

**Угулду:** бул маселе боюнча МИТ факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары, доцент Т.М. Жолдошов билдирүү жасады (билдирүү тиркелет).

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, доцент У.А. Сопуев билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2003-жылдын 17-декабрында №1069/1 – буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы жөнүндөгү” Жобосуна ылайык 2023-24-окуу жылына Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин бүтүрүүчү курстарынын квалификациялык иштеринин темалары жана алардын илимий жетекчилери бекитилсин.

з) КИИК кафедрасынын улук окутуучусу Шакиров Кылычбек Курбанбековичтин “Кээ бир айрым туундулуу козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасын тургузуу” аталышындагы кандидаттык диссертациясынын илимий жетекчисин өзгөртүү.

**Угулду:** У. А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы): КИИК кафедрасынын улук окутуучусу Шакиров Кылычбек Курбанбековичтин 2018-жылы бекитилген “Кээ бир айрым туундулуу козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасын тургузуу” аталышындагы кандидаттык диссертациясынын илимий жетекчиси ф.-м.и.д., профессор, КР УИАнын мүчө-корр., ардактуу академик К.Алымкулов мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, илимий жетекчисин профессор Д.А. Турсуновго өзгөртүү сунушу математикалык анализ кафедрасынан келип түшкөн. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнөн сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.
Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

ТОКТОМ:

1) Шакиров Кылычбек Курбанбековичтин “Кээ бир айрым туундулуу козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасын тургузуу” аталышындагы кандидаттык диссертациясынын илимий жетекчиси ф.-м.и.д., профессор, КР УИАнын мүчө-корр., ардактуу академик К.Алымкуловдун мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, илимий жетекчиси профессор Д.А. Турсуновго өзгөртүлсүн;
2) Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы У.А. Сопуев

Окумуштуу катчы А.А. Абдилазизова

ДЕКАНАТ